Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын
2019-жылдын I чейрегиндеги абалы тууралуу

**ОТЧЕТ**

## 1. Төлөмдөр түзүмүндөгү өзгөрүүлөр боюнча аналитикалык маалыматтар

1-график. ИДӨ жана төлөмдөр көлөмүнүн динамикасы




2-график. Банктар аралык төлөмдөрдүн динамикасы (млн сом)




3-график. Бюджеттик кирешелердин, чыгашалардын жана төлөмдөр көлөмүнүн динамикасы




Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин алдын ала маалыматтары боюнча ИДӨ көлөмү 2019-жылдын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча күндөлүк баада 2018-жылдын I чейрегинин тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 5,3 пайызга көбөйүү менен 104,5 млрд сомду (2018-жылдын I чейрегинде реалдуу өсүш 1,2 пайызды) түзгөн. ИДӨнүн өсүшүнө негизги салымды өнөр жай, кызмат көрсөтүү жана курулуш секторлору кошкон. «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, ИДӨнүн реалдуу өсүшү төмөн түптөлүп, 1,4 пайыз чегинде катталган.

2019-жылдын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча банктар аралык төлөмдөр көлөмү өткөн жылдын ушул эле мезгилинин көрсөткүчүнө салыштырганда 21,9 пайызга төмөндөгөн. Автоматташтырылган тоорук системасындагы операциялардын азайуусу менен байланышкан банк операцияларынын өсүш арымынын кыскарышы (-25,3 пайызга) төлөмдөр көлөмүнүн төмөндөшүнүн негизги факторунан болуп саналат.

Жалпысынан банктар аралык төлөмдөрдүн түзүмү өзгөргөн эмес: банк операциялары 83,3 пайызды түзүү менен негизги үлүштү ээлеп келет, бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн үлүшү 11,1 пайызды, ал эми бюджеттик эмес уюмдардын товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр, активдер жана милдеттенмелери үчүн төлөмдөрү 5,6 пайызды түзгөн. Бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн түзүмүндө кирген бюджеттик төлөмдөрдүн салыштырма салмагы 51,8 пайызды, чыккан бюджеттик төлөмдөрдүн салыштырма салмагы 42,2 пайызды, ал эми активдер жана милдеттенмелер менен операциялар боюнча төлөмдөрдүн салыштырма салмагы – 6,0 пайызды түзгөн.

2019-жылдын I чейреги ичинде бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн көлөмү 2018-жылдын I чейрегиндеги тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 0,3 пайызга көбөйүү менен 79,2 млрд сомду түзгөн. Банктар аралык төлөм системасы аркылуу ишке

ашырылган, мамлекеттик бюджеттен чыккан төлөмдөрдүн көлөмү өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 7,9 пайызга көбөйгөн. Мамлекеттик бюджетке төлөмдөрдүн көлөмү 5,4 пайызга төмөндөөнү көрсөткөн.

Мамлекеттик бюджеттин жалпы кирешеси отчеттук мезгил ичинде 4,2 пайызга көбөйгөн. Ошол эле учурда мамлекеттик бюджеттин чыгашасы 0,8 пайызга төмөндөгөн. Бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн жана мамлекеттик бюджеттин негизги көрсөткүчтөрүнүн динамикасындагы мындай айырмачылык банктар аралык төлөм системасында операциялар катышуучуулардын көп саны менен ишке ашырылышы менен түшүндүрүлөт (мисалы, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду). Ал эми мамлекеттик бюджеттин негизги көрсөткүчтөрү боюнча маалыматтар Бирдиктүү казыналык эсеп аркылуу гана ишке ашырылган операцияларга негизделет.

## 2. Нак акча жүгүртүү түзүмү

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугу 2019-жылдын I чейрегинде 100,0 пайызды түзүү менен 2018-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 1,3 пайызга азайган (2018-жылдын I чейрегинде нак акчанын кайтарымдуулугу 101,3 пайызды түзгөн).

**1-таблица. Коммерциялык банктардын кассалары аркылуу нак акчанын жүгүртүлүүсү**

| Аймактардын аталышы | Келип түшкөн *(млн сом)* | | Берилген *(млн сом)* | | Кайтарымдуулук *(пайыздар)* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2018-жыл I чейрек** | **2019-жыл I чейрек** | **2018-жыл I чейрек** | **2019-жыл I чейрек** | **2018-жыл I чейрек** | **2019-жыл I чейрек** |
| **Бардыгы** | **362 619,8** | **436 698,5** | **357 923,9** | **436 766,6** | **101,3** | **100,0** |
| Бишкек шаары | 169 795,6 | 227 652,1 | 162 658,5 | 223 052,2 | 104,4 | 102,1 |
| Баткен областы | 15 591,6 | 17 286,2 | 15 508,4 | 17 221,4 | 100,5 | 100,4 |
| Жалал-Абад областы | 38 034,2 | 43 329,0 | 39 343,8 | 45 748,5 | 96,7 | 94,7 |
| Ысык-Көл областы | 18 844,8 | 19 796,1 | 19 518,7 | 20 601,4 | 96,5 | 96,1 |
| Нарын областы | 8 804,8 | 9 277,1 | 9 483,3 | 9 928,2 | 92,8 | 93,4 |
| Ош областы | 20 583,1 | 30 610,6 | 20 353,4 | 29 598,2 | 101,1 | 103,4 |
| Ош шаары | 46 948,9 | 41 816,0 | 46 292,5 | 42 492,1 | 101,4 | 98,4 |
| Талас областы | 7 699,8 | 10 456,5 | 8 551,4 | 11 670,9 | 90,0 | 89,6 |
| Чүй областы | 36 317,0 | 36 474,9 | 36 213,9 | 36 453,7 | 100,3 | 100,1 |

2018-жылдын I чейрегине салыштырганда 2019-жылдын I чейрегинде республиканын бардык аймактары боюнча коммерциялык банктардын кассаларына нак акча кайтарымдуулугунун өсүшү төмөнкү областтар боюнча катталган:

- Ош областы боюнча – 2,3 пайыз;
- Нарын областы боюнча – 0,6 пайыз;

2019-жылдын I чейреги ичинде нак акча кайтарымдуулугунун кыйла жогорку көрсөткүчү Ош областы боюнча – 103,4 пайызды жана Бишкек шаары боюнча – 102,1 пайызды түзгөн. Ал эми нак акча кайтарымдуулугунун кыйла төмөнкү көрсөткүчү Талас областы боюнча – 89,6 пайыз деңгээлинде катталган.

**4-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (%)**




Коммерциялык банктардын кассаларына 2019-жылдын I чейрегинде келип түшкөн нак акчалардын суммасы 436 698,5 млн сомду түзгөн, бул көрсөткүч 2018-жылдын ушул эле чейрегине салыштырганда 20,4 пайызга жогору.

Коммерциялык банктардын кассаларына негизги булактар боюнча келип түшкөн нак акчалар төмөнкүнү түзгөн:

- коммерциялык банктардын филиалдарынан, сактык кассаларынан жана алмашуу пунктуларынан – 210 704,5 млн сом, көбөйүү 32,3 пайызды түзгөн (2018-жылдын I чейрегинде – 159 248,0 млн сом);
- товарларды сатып өткөрүүдөн – 18 192,8 млн сом, көбөйүү 6,0 пайызды түзгөн (2018-жылдын I чейрегинде – 17 160,6 млн сом);
- банкоматтарды жана терминалдарды инкассациялоодон – 57 462,8 млн сом, көбөйүү 30,9 пайызды түзгөн (2018-жылдын I чейрегинде – 43 908,2 млн сом);
- локалдык акча которууну жүзөгө ашыруу үчүн – 25 544,9 млн сом, көбөйүү 7,2 пайызды түзгөн (2018-жылдын I чейрегинде – 23 818,2 млн сом);
- кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоодон жана аткарылган иштерден – 32 686,5 млн сом, көбөйүү 12,3 пайызды түзгөн (2018-жылдын I чейрегинде – 29 113,8 млн сом);
- чет өлкө валютасын сатуудан нак акчанын түшүүсү – 29 528,2 млн сом, көбөйүү 22,9 пайызды түзгөн (2018-жылдын I чейрегинде – 24 033,7 млн сом).

**5-график. 2018-жылдын I чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




**6-график. 2019-жылдын I чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары(млн сом)**




Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча 2019-жылдын I чейрегинде 436 766,6 млн сомду түзгөн, бул өткөн жылдын I чейрегине салыштырганда 22,0 пайызга жогору.

2019-жылдын I чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчанын негизги багыттары төмөнкүчө түптөлгөн:

- коммерциялык банктардын филиалдарына, сактык кассаларына жана алмашуу бюролоруна – 206 777,2 млн сом берилип, көбөйүү 32,6 пайыз чегинде катталган (2018-жылдын I чейрегинде – 155 980,1 млн сом);
- кызмат көрсөтүүлөр жана аткарылган иштер үчүн төлөөлөр 2,6 пайызга көбөйүү менен 17 325,8 млн сомду түзгөн (2018-жылдын I чейрегинде – 16 878,6 млн сом);
- банкоматтарга акча жүктөө үчүн 79 181,9 млн сом берилип, көбөйүү 23,4 пайызды түзгөн (2018-жылдын I чейрегинде – 64 166,0 млн сом);
- локалдык акча которууларды төлөөгө 23 228,1 млн сом берилип, көбөйүү 4,7 пайызды түзгөн (2018-жылдын I чейрегинде – 22 176,5 млн сом);
- товарлар үчүн төлөөгө 2 738,5 млн сом берилип, көбөйүү 1,3 пайызды түзгөн (2018-жылдын I чейрегинде – 2 703,3 млн сом);
- чет өлкө валютасын сатып алууга - 40 995,2 млн сом берилип, көбөйүү 11,3 пайызды түзгөн (2018-жылдын I чейрегинде – 36 829,6 млн сом);
- эмгек акыларды төлөөгө - 782,0 млн сом берилип, төмөндөө 10,5 пайызды түзгөн (2018-жылдын I чейрегинде - 873,6 млн сом берилген).

**7-график. 2018-жылдын I чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




**8-график. 2019-жылдын I чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**



## 3. Нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн түзүмү

### 3.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы

9-график. Клиринг төлөмдөрүнүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн сом)




2019-жылдын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча клиринг төлөмдөрүнүн көлөмү **43 323,8 млн сомду** түзүү менен:

- 2018-жылдын IV чейрегине салыштырганда 24,8 пайызга азайган;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 3,2 пайызга көбөйгөн.

2019-жылдын I чейрегинде клиринг төлөмдөрүнүн саны **2 388 352** төлөмдү түзүп:

- 2018-жылдын IV чейрегине салыштырганда 5,7 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 13,9 пайызга көбөйгөн.

### 3.2. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (мындан ары – эсептешүүлөрдүн гросстук системасы)

10-график. Гросстук төлөмдөрдүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн сом)




2019-жылдын I чейреги ичинде гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмү **672 270,1 млн сомду** түзүп:

- 2018-жылдын IV чейрегине салыштырганда 6,1 пайызга азайган:
- ошондой эле өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда автоматташтырылган тоорук системасы боюнча банк операцияларынын төмөндөшүнөн улам, 22,9 пайызга азайган.

Бардыгы болуп, эсептешүүлөрдүн гросстук системасы аркылуу 2019-жылдын I чейреги ичинде **102 499 төлөм** өткөрүлгөн. Бул көрсөткүч:

- 2018-жылдын IV чейрегине салыштырганда 20,1 пайызга азайган;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 4,6 пайызга көбөйгөн.

**2-таблица. Клиринг жана гросстук төлөмдөрдүн саны жана көлөмү**

| Мөөнөтү | Клиринг | | Гросс | | Бардыгы | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөму (млн сом) | Саны | Көлөму (млн сом) | Саны | Көлөму (млн сом) |
| 2018-ж. I ч. | 2 097 179 | 41969,6 | 97 978 | 872 138,9 | 2 195 157 | 914 108,5 |
| 2018-ж. II ч. | 2 366 594 | 51138,3 | 104 637 | 696 848,4 | 2 471 231 | 747 986,7 |
| 2018-ж. III ч. | 2 557 643 | 50 058,7 | 113 385 | 735 556,2 | 2 671 028 | 785 614,9 |
| 2018-ж. IV ч. | 2 259 137 | 57 611,2 | 128 240 | 715 576,6 | 2 387 377 | 773 187,8 |
| 2019-ж. I ч. | 2 388 352 | 43 323,8 | 102 499 | 672 270,1 | 2 490 851 | 715 593,9 |

### 3.3. Банктык төлөм карттар рыногу

2019-жылдын 1-апрелине карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында банктык төлөм карттарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү бардык коммерциялык банктар сунуштаган, анын ичинен 16 банк эл аралык төлөм системасынын жана «Элкарт» улуттук системасы боюнча 25 банк карттардын эмитенттеринен жана эквайерлеринен болушкан.

*1) **Банктык төлөм карттар эмиссиясы***

2019-жылдын 1-апрелине карата абал боюнча жүгүртүүдөгү банктык төлөм карттарынын жалпы саны 2 591,5 миң картты түзгөн. Мында, карттардын саны 2018-жылдын IV чейрегине салыштырганда 6,5 пайызга көбөйгөн, ал эми өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда карттардын саны 20,9 пайызга өскөн.

Төлөм карттар түрлөрү боюнча төмөнкүчө бөлүштүрүлгөн:

**- Эл аралык системалар 1 291 651 (49,8%):**

- «Visa» 742 161 (28,6%);
- «Master Card» 26 211 (1,0%);
- «Золотая корона» (Россия) 513 626 (19,8%);
- «Union Pay International» 9 653 (0,4%).

**- «Элкарт» улуттук системасы 1 299 823 (50,2 %):**

- «Элкарт» 1 293 630 (50%);
- «Элкарт-UPI» 6 193 (0,2%).

**3-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм карттар рыногунун өнүгүшүнүн көрсөткүчтөрү**

| Көрсөткүчтөр | 2018-ж. I чейреги | 2018-ж. IV чейреги | 2019-ж. I чейреги | 2019-жылдын 1-чейреги үчүн өсүш арым % | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 2018-ж. I ч. | 2018-ж. IV ч. |
| Чыгарылган төлөм карттарынын саны (миң бирдик) | 2 143,8 | 2 432,6 | 2 591,5 | 13,5 | 6,5 |
| Миң кишиге чыгарылган төлөм карттарынын саны (эмгекке жарамдуу жана пенсиялык курак) | 518,0 | 588,0 | 617,0 | 13,5 | 4,9 |
| Төлөм карттары аркылуу ишке ашырылган операциялардын саны (млн тран.) | 8,0 | 11,0 | 10,5 | 37,5 | -4,5 |
| Төлөм карттары аркылуу ишке ашырылган операциялардын көлөмү (млн сом) | 41 058,5 | 56 307,9 | 48 794,6 | 37,1 | -13,3 |
| Кыргыз Республикасынын аймагында төлөм карттары аркылуу ишке ашырылган нак эмес операциялардын көлөмүнүн ИДӨгө карата катышы (%) | 8,3 | 11,4 | 8,8 | 37,1 | -23,3 |

**11-график. Жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны**




**12-график. 2019-ж. 1-апрелине карата областтар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны**




**4-таблица. Областтар жана системалар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын саны**

| Региондун аталышы | Visa | MasterCard | Золотая Корона | Элкарт | UPI | Элкарт-UPI | Жыйынтыгында | Үлүшү (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек шаары | 514 626 | 17 533 | 143 248 | 369 005 | 6 249 | 4 990 | 1 055 651 | 40,7 |
| Чүй областы | 34 755 | 2 381 | 56 534 | 129 698 | 1 463 | 92 | 224 923 | 8,7 |
| Ысык-Көл областы | 33 782 | 1 379 | 44 712 | 110 307 | 435 | 223 | 190 838 | 7,4 |
| Нарын областы | 9 566 | 509 | 32 964 | 81 656 | 0 | 93 | 124 788 | 4,8 |
| Талас областы | 15 781 | 367 | 17 756 | 51 654 | 540 | 144 | 86 242 | 3,3 |
| Жалал-Абад областы | 45 263 | 1 666 | 94 827 | 210 760 | 475 | 261 | 353 252 | 13,6 |
| Ош областы | 71 796 | 1 639 | 90 690 | 245 822 | 385 | 282 | 410 614 | 15,8 |
| Баткен областы | 16 592 | 737 | 32 895 | 94 728 | 106 | 108 | 145 166 | 5,6 |
| **Жыйынтыгында** | **742 161** | **26 211** | **513 626** | **1 293 630** | **9 653** | **6 193** | **2 591 474** | **100** |

Бишкек шаары коммерциялык банктардын филиалдарынын/сактык кассаларынын, финансы ресурстарынын ж.б. концентрацияланышы жагында эң жогорку көрсөткүчтөр менен мүнөздөлгөн, ушундан улам төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногу бул жерде кыйла өнүккөн. Алсак, 2019-жылдын I чейреги ичинде Бишкек шаары боюнча картты колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмүнүн үлүшү 56,1 пайызды түзгөн. Кыйла төмөн көрсөткүч – 3,3 пайызды түзүү менен Талас областында катталган.

2019-жылдын 1-апрелине карата абал боюнча картты колдонуу аркылуу эсептешүүлөр системасы боюнча коммерциялык банктардын банктык эсептериндеги депозиттик база калдыгынын көлөмү 23,7 млрд сомду түзгөн. Мында, 2018-жылдын IV чейрегине салыштырмалуу 5,71 пайызга көбөйүү байкалган, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, 9,14 пайызга өсүштү тзгөн.

13-график. 2019-ж. 1-чейреги үчүн областар боюнча картты колдонуу аркылуу операциялардын көлөмү жана саны (миң сом)




14-график. Коммерциялык банктардын карт-эсептериндеги депозиттик базанын калдыктарынын динамикасы (млрд сом)




*2) Банктык төлөм карттар эквайринги*

2019-жылдын I чейрегинин акырына карата абал боюнча банктык төлөм карттар, анын ичинде «Элкарт» улуттук төлөм карты республиканын бардык аймактарында орнотулган 1 617 банкоматта жана 10 419 POS-терминалда тейлөөгө алынган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда банкоматтардын саны 10,8 пайызга же 158 банкоматка көбөйгөн, ал эми POS-терминалдар – 20,0 пайызга же 1 735 POS-терминалга көбөйгөн). Мындай өсүш калкка банктык төлөм карттарын колдонуу боюнча шарттарды түзүү максатында коммерциялык банктардын аралыкта орнотулган жабдууларды көбөйтүү иш-чараларына байланыштуу келип чыккан.

Учурда иштеп жаткан POS-терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны системалардын түрлөрү боюнча төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн:

- Visa жана MasterCard эл аралык системалары боюнча - 596 банкомат жана 5 026 POS-терминал;

- «Золотая корона» эл аралык системасы боюнча - 209 банкомат жана 1 385 POS-терминал.

- «UPI» эл аралык системасы боюнча - 247 банкомат жана 1 248 POS-терминал.

15-график. Системалар боюнча банкоматтардын саны




16-график. Системалар боюнча терминалдардын саны



**5-таблица. Областтар боюнча аралыкта орнотулган жабдуулардын саны**

| Региондун аталышы | Банкоматтар (даана) | Pos-терминалдар (даана) | | Төлөм терминалдары (даана) |
|---|---|---|---|---|
| | | соода ишканаларында | банктарда | |
| Бишкек шаары | 714 | 6390 | 592 | 547 |
| Чүй областы | 129 | 701 | 176 | 170 |
| Ысык-Көл областы | 159 | 445 | 182 | 197 |
| Нарын областы | 52 | 74 | 109 | 67 |
| Талас областы | 60 | 92 | 74 | 92 |
| Жалал-Абад областы | 194 | 282 | 274 | 224 |
| Ош областы | 236 | 490 | 370 | 364 |
| Баткен областы | 73 | 35 | 133 | 122 |
| **Жыйынтыгында** | **1 617** | **8 509** | **1 910** | **1 783** |

***3) Банктык төлөм карттарды колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы***

2019-жылдын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча картты колдонуу менен жалпы суммасы 48 794,6 млн сомго 10,5 млн ашык транзакция ишке ашырылган, 2018-жылдын IV чейрегине салыштарганда тиешелүүлүгүнө жараша 13,3 жана 4,5 пайызга төмөндөгөнү байкалган (ал эми өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 18,8 жана 31,3 пайызга көбөйгөн). Алардын ичинен:

- акча каражаттарын нак акчага айландырууга операциялардын саны 8 254,2 миң транзакция чегинде жалпы суммасы 45 754,3 млн сомго катталган, 2018-жылдын IV чейрегине салыштарганда тиешелүүлүгүнө жараша 8,0 жана 14,0 пайызга азайган (ал эми өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 22,4 жана 18,5 пайызга көбөйгөн).

- соода-тейлөө ишканаларында орнотулган POS-терминалдар аркылуу ишке ашырылган операциялардын саны 2 278,3 миң транзакция чегинде жалпы суммасы 3 040,4 млн сомго катталган, 2018-жылдын IV чейрегине салыштарганда операциялардын саны 10,8 пайызга жогорулаган, ушуну менен бирге операциялардын көлөмү 1,4 пайызга төмөндөгөн (ал эми өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 73,9 жана 23,7 пайызга көбөйгөн)

**6-таблица. Соода-тейлөө ишканаларында нак акчага айландыруу жана төлөө операцияларынын саны жана көлөмү карттар боюнча**

| Төлөм карттын түрү | 2018-ж. 4-чейреги | | | | 2019-ж. 1-чейреги | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Нак акча алуу | | Соода-тейлөө ишканасында төлөө | | Нак акча алуу | | Соода-тейлөө ишканасында төлөө | |
| | Саны | Көлөмү (миң сом) | Саны | Көлөмү (миң сом) | Саны | Көлөмү (миң сом) | Саны | Көлөмү (миң сом) |
| AMEX | 2 184 | 10 142,1 | 891 | 17509,1 | 1 811 | 7 711,6 | 672 | 10 576,9 |
| Элкарт | 4 924 532 | 23 932 351,9 | 486 113 | 450933,3 | 4 563 792 | 19 934 824,1 | 638 366 | 453 942,8 |
| Visa | 2 314 700 | 22 492 438,6 | 1 442 827 | 2350305,7 | 2 296 548 | 20 420 905,9 | 1 520 333 | 2 340 756,3 |
| Элкарт-UPI | 27 302 | 111 673,6 | 5 214 | 9152,2 | 21 858 | 75 746,3 | 5 008 | 8 292,6 |
| UPI | 30 017 | 241 132,9 | 1 270 | 2277,2 | 27 988 | 215 373,8 | 1 150 | 1 718,9 |
| MasterCard | 186 582 | 1 423 724,6 | 79 999 | 233507,6 | 173 168 | 1 428 835,8 | 83 278 | 209 485,1 |
| Золотая Корона | 1 490 954 | 5 012 366,1 | 39 430 | 20355,7 | 1 168 863 | 3 669 656,9 | 29 370 | 15 556,7 |
| Мир | - | - | - | - | 196 | 1 222,4 | 88 | 26,6 |
| **Жыйынтыгында** | **8 976 271** | **53 223 829,8** | **2 055 744** | **3 084 040,7** | **8 254 224** | **45 754 276,7** | **2 278 265** | **3 040 355,9** |

**7-таблица. Карт ээлеринин активдүүлүгүнүн көрсөткүчтөрү тууралуу маалымат**

| Операциянын түрү | Жүгүртүүдө бир карт боюнча операциялардын орточо көлөмү | | | | | Жүгүртүүдө бир карт боюнча операциялардын орточо саны (бир) | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2018-ж. 1-ч. | 2018-ж. 2-ч. | 2018-ж. 3-ч. | 2018-ж. 4-ч. | 2019-ж. 1-ч. | 2018-ж. 1-ч. | 2018-ж. 2-ч. | 2018-ж. 3-ч. | 2018-ж. 4-ч. | 2019-ж. 1-ч. |
| Нак акчага айландыруу | 18,0 миң сом | 20,4 миң сом | 20,0 миң сом | 21,9 миң сом | 17,7 миң сом | 3,1 | 3,5 | 3,4 | 3,7 | 3,2 |
| Соода-тейлөө ишканасы аркылуу | 1 146,6 сом | 1 123,3 сом | 1 201,1 сом | 1 267,8 сом | 1 173,2 сом | 0,6 | 0,7 | 0,7 | 0,8 | 0,9 |

### 3.4. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр

Отчеттук чейрек ичинде катышуучулардын чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрү SWIFT, «Банк-Клиент», «Е-Клиент» ж.б. ушул сыяктуу системаларды пайдалануу менен ишке ашырылган. Мында, банктар чек ара аркылуу төлөмдөрдү өткөрүү үчүн SWIFT системасын көбүрөөк пайдаланышкан.

2019-жылдын I чейреги ичинде эл аралык төлөмдөр валюталардын 13 түрү боюнча жүргүзүлгөн. 2019-жылдын I чейреги ичинде кирген төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 554,3 млрд сомду түзгөн, бул көрсөткүч 2018-жылдын IV чейрегине салыштырганда 7,9 пайызга азайган (өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда көбөйүү 34,6 пайызды түзгөн).

Ал эми чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 597,3 млрд сомду түзгөн, бул көрсөткүч 2018-жылдын IV чейрегине салыштырганда 3,3 пайызга төмөн (өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда көбөйүү 33,1 пайыз чегинде катталган).

### 3.5. Акча которуулар

2019-жылдын 1-апрелине карата акча которуу көлөмүнүн төмөндөшү байкалган. Төмөндөө сезондук жана валюта рыногунун өзгөрүлмөлүүлүгүнө байланыштуу.

2019-жылдын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча акча которуулар эл аралык жана локалдык системалар аркылуу жүзөгө ашырылган. Эл аралык акча которуу системалары боюнча кирген которуулардын жалпы саны 2 179,2 миңди түзүү менен жалпы суммасы 38,4 млрд сом чегинде түптөлгөн, мында 2018-жылдын IV чейрегине салыштырганда азаюу тиешелүүлүгүнө жараша 7,4 жана 22,8 пайызды түзгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көбөйүү тиешелүүлүгүнө жараша 22,0 жана 4,8 пайызды түзгөн). Чыккан которуулардын саны 195,5 миңди түзүү менен жалпы суммасы 10,1 млрд сом чегинде катталган, мында которуулардын саны 2018-жылдын IV чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 11,4 жана 21,6 пайызга азайган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көбөйүү тиешелүүлүгүнө жараша 22,3 жана 1,6 пайызды түзгөн).

Кыргыз Республикасынын региондору боюнча кирген жана чыккан которуулардын көлөмү боюнча көбүрөөк салыштырма салмак Бишкек шаарына - кирген которуулардын жалпы көлөмүнөн 42,5 пайызы жана чыккан которуулардын жалпы көлөмүнөн 58,5 пайызы туура келген.

**17-график. 2019-жылдын I чейреги ичинде областтар боюнча кирген акча которуулардын үлүшү (%)**




**18-график. 2019-жылдын I чейреги ичинде областтар боюнча чыккан акча которуулардын үлүшү (%)**



Отчеттук чейрек ичинде эл аралык акча которуулар валютанын 5 түрү боюнча жүзөгө ашырылган.

***1) АКШ долларында акча которуулар***

2019-жылдын I чейрегинде кирген которуулардын жалпы саны 266,8 миңди түзүп, 137,0 млн АКШ доллар суммасында катталган, мында 2018-жылдын IV чейрегине салыштырганда азаюу тиешелүүлүгүнө жараша 9,0 жана 23,6 пайызга байкалган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көбөйүү тиешелүүлүгүнө жараша 25,3 жана 1,6 пайызды түзгөн). Чыккан которуулардын саны 75,5 миңди түзүү менен 73,6 млн АКШ доллар суммасында катталган, мында көрсөткүч 2018-жылдын IV чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 15,3 жана 25,5 пайызга аз (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда которуулардын саны 14,8 пайызга көбөйгөн, ал эми которуулардын көлөмү 5,5 пайызга азайган).

***2) Евро валютасында акча которуулар***

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча кирген которуулардын саны 11,1 миңди түзүү менен 4,3 млн евро суммасында катталган, бул көрсөткүч 2018-жылдын IV чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 3,0 жана 3,3 пайызга азайган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көбөйүү тиешелүүлүгүнө жараша 30,4 жана 26,4 пайызды түзгөн). Чыккан которуулардын саны 2,6 миңди түзүү менен 3,9 млн евро жалпы суммасында катталган, мында 2018-жылдын IV чейрегине салыштырганда азаюу тиешелүүлүгүнө жараша 6,7 жана 3,3 пайызды түзгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көбөйүү тиешелүүлүгүнө жараша 47,2 жана 38,5 пайыз).

***3) Орус рублинде акча которуулар***

2019-жылдын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча кирген которуулардын саны 1 900,8 миңди түзүү менен 26 413,1 млн рубль суммасында катталган, мында 2018-жылдын IV чейрегине салыштырганда которуулар тиешелүүлүгүнө жараша 6,9 жана 27,8 пайызга азайган (ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 24,5 жана 17,9 пайызга көбөйүү байкалган). Чыккан которуулардын саны 116,1 миңди түзүп, 4 267,7 млн рубль суммасында ишке ашырылган, бул 2018-жылдын IV чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 8,4 жана 23,4 пайызга азайган (ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 31,1 жана 19,0 пайызга көбөйгөн).

***4) Казак теңгесинде акча которуулар***

Отчеттук мезгил ичинде кирген которуулардын саны 0,6 миңди түзүү менен 36,0 млн теңге суммасында катталган, бул көрсөткүч 2018-жылдын IV чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 8,8 жана 24,5 пайызга азайган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 66,2 жана 63,0 пайызга азайган). Чыккан которуулардын саны 0,2 миң төлөмдү түзүү менен 25,3 млн теңге суммасында катталган, бул 2018-жылдын IV чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 30,0 жана 42,7 пайызга азайган (ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда азаюу тиешелүүлүгүнө жараша 63,0 жана 67,1 пайызды түзгөн).

***5) Кыргыз сомунда акча которуулар***

2019-жылдын I чейреги ичинде кирген которуулардын саны алтыны түзүү менен 0,1 млн сом суммасында катталган, бул көрсөткүч 2018-жылдын IV чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 99,9 жана 99,9 пайызга төмөндөгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда азаюу тиешелүүлүгүнө жараша 99,98 жана 99,98 пайызды түзгөн). Чыккан которуулардын саны 1,1 миңди түзүү менен 18,3 млн сом суммасы чегинде түптөлгөн, бул 2018-жылдын IV чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 30,7 жана 42,5 пайызга төмөндөгөн (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 64,2 жана 75,5 пайызга төмөндөө байкалган).

**8-таблица. Акча которуу системалары боюнча акча которуулар**

| Акча которуу системалары | | 2018-ж. I ч. | | 2018-ж. IV ч. | | 2019-ж. I ч. | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Саны, даана | Көлөмү, млн сом | Саны, даана | Көлөмү, млн сом | Саны, даана | Көлөмү, млн сом |
| Western Union | Кирген | 92 460 | 2 216,4 | 93 657 | 2 495,2 | 83 564 | 2 015,3 |
| | Чыккан | 7 854 | 444,6 | 11 507 | 569,0 | 10 937 | 504,0 |
| Contact | Кирген | 91 948 | 1 791,2 | 99 886 | 3 044,8 | 57 500 | 1 967,1 |
| | Чыккан | 5 108 | 180,5 | 12 790 | 394,6 | 15 781 | 567,0 |
| Money Gram | Кирген | 19 217 | 698,3 | 22 180 | 859,0 | 19 547 | 729,1 |
| | Чыккан | 1 694 | 113,3 | 2 023 | 122,7 | 1 616 | 96,3 |
| Xpress money | Кирген | 48 | 2,8 | 1 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| | Чыккан | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| Юнистрим | Кирген | 211 167 | 6 232,3 | 255 542 | 6 344,2 | 167 200 | 6 351,8 |
| | Чыккан | 5 356 | 795,4 | 6 108 | 745,0 | 4 993 | 574,4 |
| БЛИЗКО | Кирген | 447 | 9,5 | 286 | 6,4 | 299 | 8,7 |
| | Чыккан | 3 | 0,1 | 3 | 0,0 | 3 | 0,1 |
| FASTER | Кирген | 1 969 | 31,0 | 729 | 11,6 | 692 | 10,9 |
| | Чыккан | 647 | 16,5 | 345 | 8,2 | 241 | 4,7 |
| Золотая Корона | Кирген | 1 343 879 | 25 207,5 | 1 878 748 | 36 905,2 | 1 848 580 | 27 276,1 |
| | Чыккан | 137 905 | 8 336,2 | 187 753 | 11 019,6 | 161 854 | 8 332,4 |
| БЭСТ | Кирген | 203 | 6,0 | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| | Чыккан | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| RIA | Кирген | 868 | 27,9 | 2 010 | 68,8 | 1 844 | 57,2 |
| | Чыккан | 20 | 0,7 | 38 | 1,9 | 51 | 2,1 |
| Жыйынтыгында системалар боюнча | Кирген | 1 762 206 | 36 222,8 | 2 353 039 | 49 735,2 | 2 179 226 | 38 416,3 |
| | Чыккан | 158 587 | 9 887,3 | 220 567 | 12 861,0 | 195 476 | 10 080,8 |

### 3.6. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары

2019-жылдын 1-апрелине карата абал боюнча 23 юридикалык жак Улуттук банктын лицензиясына ээ, анын ичинен 22 лицензия төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна жана 21 лицензия төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна каралган.

2019-жылдын 21-февралынан тартып «MOBILNIK» (Мобильник) жоопкерчилиги чектелген коомунун 2015-жылдын 29-майындагы №2003290515 жана №3002290515 лицензияларынын аракети убактылуу токтотулган.

2019-жылдын I чейреги ичинде төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу 7,4 млрд сом жалпы суммасында 39,6 млн транзакция ишке ашырылган.

Бардык төлөмдөрдүн негизги үлүшү уюлдук байланыш операторлорунун пайдасына туура келген – 3,3 млрд сом (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 44,4 пайыз), уюлдук байланыш операторлорунун пайдасына өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны 34,6 млн төлөмдү түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы санынан 87,4 пайыз).

Мамлекеттик жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү/товарларды сунуштоочулардын пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү (коммуналдык кызматтарга, салык жыйымдарына, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кайгуул кызматына айыптык төлөмдөр, мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр) 1,4 млрд сомду түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 18,4 пайызы), ал эми төлөмдөрдүн саны 1,7 млн төлөмдү түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы санынын 4,4 пайызы). Электрондук капчыктарды толуктоо көлөмү 716 миң сомду (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 9,7 пайыз), ал эми толуктоолордун саны 694,6 миң төлөмдү түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы санынын 1,8 пайызы).

**9-таблица. Төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү**

| № | Төлөмдүн түрү | Саны, бир. | Үлүшү, % | Көлөмү, миң сом | Үлүшү, % |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мобилдик байланыш кызматы | 34 570 565 | 87,40 | 3 283 151,7 | 44,40 |
| 2 | Катталган телефон байланышы | 49 063 | 0,12 | 10 193,7 | 0,14 |
| 3 | Интернет | 341 641 | 0,86 | 292 912,4 | 3,96 |
| 4 | Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 1 522 440 | 3,85 | 1 273 261,0 | 17,22 |
| 5 | Салык жыйымдары | 35 119 | 0,09 | 30 474,9 | 0,41 |
| 6 | Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кайгуул кызматына айыптык төлөмдөр | 962 | 0,002 | 628,1 | 0,01 |
| 7 | Мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр | 170 998 | 0,43 | 55 060,8 | 0,74 |
| 8 | Банктык эсепти толуктоо | 115 040 | 0,29 | 424 792,3 | 5,74 |
| 9 | Финансы-кредит мекемелеринин кредити үчүн төлөө | 46 902 | 0,12 | 127 434,1 | 1,72 |
| 10 | Башка банктык кызмат көрсөтүүлөр | 40 667 | 0,10 | 92 135,9 | 1,25 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 694 645 | 1,76 | 716 019,3 | 9,68 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 113 262 | 0,29 | 81 019,0 | 1,10 |
| 13 | Социалдык тармактар | 14 795 | 0,04 | 4 526,9 | 0,06 |
| 14 | Интернет оюндары | 74 472 | 0,19 | 30 974,6 | 0,42 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелеринде эсепти толуктоо | 358 232 | 0,91 | 344 610,0 | 4,66 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 893 546 | 2,26 | 70 075,4 | 0,95 |
| 17 | Букмекердик чендер | 0 | 0,00 | 0,0 | 0,00 |
| 18 | Жарнама кызматтары | 2 168 | 0,01 | 549,2 | 0,01 |
| 19 | Кулактандыруулар | 4 598 | 0,01 | 1 530,0 | 0,02 |
| 20 | Кайрымдуулук | 548 | 0,001 | 70,5 | 0,001 |
| 21 | Билим алуу | 7 311 | 0,02 | 51 724,6 | 0,70 |
| 22 | Туристтик кыдыруулар | 1 340 | 0,003 | 4 046,8 | 0,05 |
| 23 | Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине караштуу «Тышкы соода чөйрөсүндө «Бирдиктүү терезе» борбору» мамлекеттик ишканасы | 0 | 0,00 | 0,0 | 0,00 |
| 24 | Башка төлөмдөр | 494 032 | 1,25 | 499 152,4 | 6,75 |
| **2019-жылдын I чейрегинин жыйынтыгында:** | | **39 552 346** | 100,00 | **7 394 343,6** | 100,00 |







Төлөм уюмдарынын иши автоматташтырылган өзүн-өзү тейлөө терминалы (cash-in), агенттик тармак жана электрондук акчаны колдонуу аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алууга негизделген. 2019-жылдын I чейрегинин акырына карата төлөм уюмдарынын автоматташтырылган өзүн-өзү тейлөө терминалдарынын саны

6,9 миңди, POS-терминалдарынын саны – 92 бирдикти, төлөм системасынын катышуучуларынын саны – 21,2 миңди түзгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

### 3.7. Банктык чекене агенттер

Коммерциялык банктар агенттерди ишке тартуу менен калкка товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү боюнча финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо, кредиттин ордун жабуу, банктык эсепти толуктоо, банктык карттан нак акча каражаттарын берүү, бюджетке төлөмдөрдү кабыл алуу ж.б. боюнча кеңири мүмкүнчүлүккө ээ болушат.

2019-жылдын I чейреги ичинде ишке тартылган банктык чекене агенттердин саны төмөнкүлөрдү түзгөн:

- 32 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири чөйрөсүн сунуштаган, 2018-жылдын IV чейрегине салыштырганда өзгөрүүлөр болгон эмес;
- 196 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым бир түрлөрүн сунуштаган, 2018-жылдын IV чейрегине салыштырганда төмөндө 0,5 пайызды түзгөн.

## 4. Методологиялык иш

Электрондук акчаларды «бирдиктүү терезе» принциби боюнча улуттук төлөм системасынын оператору аркылуу өткөрүүдө электрондук акчалар менен эсептешүү системаларынын системалар аралык функциялар боюнча бири-бирине дал келүүсүн камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 27-февралындагы №2019-П-14/9-4-(ПС) токтому менен «Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларын өркүндөтүү максатында, Улуттук банктын 2019-жылдын 5-мартындагы № 2019-Пр-141/42-0 буйругу менен төлөм системалары маселелери боюнча ченемдик укуктук актылардын жөнгө салуучу таасирине талдап-иликтөөлөрдү иштеп чыгууга жумуш топ түзүлгөн.